1. Ижарага берүүчү ________________________________________________ (калк жашаган пункт, көчө, аянт, проспект, үй номуру) дарегиндеги, жалпы аянты ______ кв.м, № _____ курулушта _______ кабатында жайгашкан, мамлекеттик курулманы, имаратты (жайды) ________________________ максатында пайдалануу үчүн ижарага берет, ал эми ижарачы ижарага алат.

2. Ижара мөөнөтү 20__-ж. "__" _________ тартып 20__-ж. "__" _________ чейин белгиленет.

3. Ижара мөөнөтү бүткөндөн тартып келишим бузулган болуп эсептелет. Келишимдин жарактуулук мөөнөтүнүн бүтүшү тараптардын келишим боюнча милдеттенмелеринин токтотулушуна алып келет.

## 2. Тараптардын укуктары жана милдеттери

4. Ижарага берүүчү төмөнкүдөй укуктарга ээ:

- Ижарага алуучудан ай сайын ижара акысын алууга;

- конкурстун жыйынтыгы боюнча Ижарага алуучу алган келишимдик милдеттенмелердин аткарылуусуна мониторинг жүргүзүүнү жана текшерүүнү ишке ашырууга;

- Ижара алуучунун чарбалык ишинин натыйжасында муниципалдык курулманын, имараттын (жайдын) абалынын жана экологиялык жагдайынын начарлашынан улам болгон чыгымдардын ордун толтурууну Ижара алуучудан талап кылууга.

5. Ижарага алуучу төмөнкүлөргө укуктуу:

- ижарага алынган муниципалдык курулмада, имаратта (жайда) өз алдынча чарбалык ишти ушул Келишимдин 1-пунктунда көрсөтүлгөн максаттарга жана шарттарга ылайык гана жүргүзүүгө;

- өткөрүп берүү-кабыл алуу актысына кол коюлгандан кийин ижарага алынган мамлекеттик курулманы, имаратты (жайды) пайдаланууга киришүүгө.

6. Ижарага берүүчү төмөнкүлөргө милдеттүү:

- муниципалдык курулманы, имаратты (жайды) Ижарага алуучуга ушул Келишимдин шарттарына ылайык абалда берүүгө;

- ушул Келишим макулдашылгандан кийин 10 күндүн ичинде муниципалдык курулманы, имаратты (жайды) Ижара алуучуга өткөрүү-кабыл алуу актысы боюнча өткөрүп берүүгө;

- эгерде мыйзамдарга жана ушул Келишимдин шарттарына каршы келбесе Ижара алуучунун чарбалык ишине кийлигишпөөгө, анын муниципалдык курулманы, имаратты (жайды) пайдаланышына тоскоол кылбоого;

- конкурстун жыйынтыгы боюнча Ижарага алуучунун келишимдик милдеттенмелерин аткаруусун, ошондой эле ижарадагы муниципалдык курулманын, имараттын (жайдын) абалын контролдоого;

- ушул Келишимди бузууда Ижарага алуучунун ижарадагы курулманы, имаратты (жайды) бошотушу боюнча керектүү чараларды көрүүгө;

- ижара алуучудан ижара акысы алынгандан кийин, банктык 10 күндүн ичинде Ижарачы төккөн ижара акысын ыйгарым укуктуу муниципалдык органдын алыш-бериш эсебине которууга;

- ушул Келишим мөөнөтүнөн мурда бузулгандыгы жөнүндө ижара алуучуга өз убагында билдирүүгө.

7. Ижарага алуучу төмөнкүлөргө милдеттүү:

- муниципалдык курулманы, имаратты (жайды) ушул Келишимдин шарттарына ылайык пайдаланууга алууга;